Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
34. Sayı 2023

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
34-саны 2023

DOI: 10.52754/16947673_2023_34_1

# Суфизмдин Манас эпосундагы таасирлери*

**Кадыров Медербек****

**Аннотация**

Ислам дини Орто Азияга VIII-кылымдын башында тарала баштаганы белгилүү. Алгачкы учурларда араптар жергиликтүү элдин каршылыгына туш болсо, 751-жылы Талас өрөөнүндө Тан империясы менен мусулман араптардын ортосунда болгон согушта карлуктар араптарга кошулуп, жеңишке жетүүсүн камсыздаган. Талас согушу ислам дининин Орто Азиянын аймагында тынчтык жолу менен таралуусуна жол ачкан. Караханиддердин каганы Сатук Буура хандын ислам динин кабыл алуусу, кийинчерээк ислам мамлекеттин расмий динине айлануусу менен Орто Азия тарыхында экинчи чоң бурулуш болгон. Ислам тарыхы булактарында Караханид мамлекетинде 200.000 үй-бүлө ислам динине киргени айтылат. Алардын арасында бир топ кыргыз уруулары болгон. Мусулман авторлордон Марвази өзүнүн эмгегинде кыргыздардын мусулмандарга кошуна болуп жашай баштагандан тартып каза болгон адамдын сөөгүн жерге көмө баштashканын эскерет. Кыргыздардын мусулмандашуу жараянында ясавилик, кадирилик, ышкилик, накшибандилик, увайсилик сыяктуу суфий тарыйкаттар иш алып барышкан. Ислам маданияты кыргыз элинин маданиятына, анын ичинде кыргыз элинин басып өткөн жолу чагылдырылган Манас эпосуна да таасирин тийгизген. Бул макалада Манас эпосундагы суфизмдин таасирлери изилденет.

**Ачкыч сөздөр:** Манас эпосу, кыргыздар, ислам, суфизм.

* 2020-жылы 13-февралда Бишкек шаарында өткөн "Ислам тарыхы, көркөм өнөрү жана маданияты боюнча изилдөөлөрдүн Кыргызстандагы абалы" деп аталган эл аралык семинарда окулган докладдын толукталган варианты.

* Дин философиясы жана дин таануу адистиги боюнча философиянын доктору (PhD), Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин доценти. e-mail: mederbek83@gmail.com, 0000-0003-0736-8687

# Elements of Sufism in the Epic Manas

**Abstract**

Islam began to spread in Central Asia at the beginning of the 8th century. The Arabs got victory against Tan dynasty in 751 in Talas Valley. The war between the Tan Empire and the Muslims was won by Muslims due to Qarluqs' support. The battle of Talas opened the way in the rise of Islam in Central Asia for the peaceful penetration. Khaqan of the Karakhanids Satuq Bughra Khan later converted to Islam, and the Islam was declared an official religion for the first time in the history of Central Asia. Among the people who came to Islam there were big number of Turkic tribes. Muslim authors like Marvazi stated that Kyrgyz people and muslims live in a neighborhood. In the history of the Kyrgyz Muslim society the Sufi brotherhoods, like Yasawiya, Qadiriya, Ishqiya, Naqshbandiya, Uwaysiya take great place. The Islamic culture had an impact to the life of the Kyrgyz people reflected in the epic "Manas". This article investigates the elements of the Sufism in the epic "Manas."

**Keywords:** Epic "Manas", Kyrgyz people, Islam, sufism.

Ислам дини Орто Азияга VIII-кылымдын башында тарала баштаганы белгилүү. Алгачкы учурларда араптар жергиликтүү элдин каршылыгына туш болсо, 751-жылы Талас өрөөнүндө Тан империясы менен мусулман араптардын ортосунда болгон согушта карлуктар араптарга кошулуп, жеңишке жетүүсүн камсыздаган. Талас согушу ислам дининин Орто Азиянын аймагында тынчтык жолу менен таралуусуна жол ачкан. Караханиддердин каганы Сатук Буура хандын ислам динин кабыл алуусу, кийинчерээк исламдын мамлекеттин расмий динине айлануусу менен Орто Азия тарыхында экинчи чоң бурулуш болгон.

Ал эми суфизмдин өкүлдөрү, өзгөчө кыргыздар баш болгон көчмөн элдердин ислам динин кабыл алуусунда чоң рол ойношкон. Орто Азияга XI-XII кылымдарда келген суфизм агымдарынын кыргыздарга таралуусу кара кытайлар, наймандар жана монголдор сыяктуу баскынчы күчтөрдүн доорунда күчөгөн. Баскынчы күчтөрдүн эксплуатациялык саясаты, элди руханий жактан суфий

тарыйкаттардан жардам күтүүгө түрткөн [1, 199].[1] Кыргыздардын мусулмандашуу жараянында ясавилик, кадирилик, ышкилик, накшибандилик, увайсилик сыяктуу суфий тарыйкаттар иш алып барышкан. Бул тарыйкаттар кыргыздардын ислам түшүнүгүнүн калыптануусуна, ошондой эле кыргыз элинин маданиятына, анын ичинде кыргыз элинин басып өткөн жолу чагылдырылган Манас эпосуна да таасирин тийгизген.

Негизги мазмуну каапырларга каршы Манастын согушканынан турганат эпостун кээ бир варианттарында Манастын атын бир дервиш койгону баяндалат.[2] Көчмөн маданият менен ислам баалуулуктарын айкалыштырып, жергиликтүү тилде жана ыр түрүндө түшүндүрүп бергени себептүү Ахмат Ясави жана анын “хикмат” деп аталган ыр түрүндөгү баяндары кыргыздардын арасында кеңири таралган. Ясавилик тарыйкаты кыргыз элинин маданиятына, элдик оозеки адабиятына, анын ичинде Манас эпосуна да таасирин тийгизген.[3] Мисалы, хикматтарда Ахмет Ясави үч жашында чилтен келип ал-абалын сураганы, он сегиз жашында чилтен менен шарап ичкени, отуз төрт жашында болсо аны менен жолдош болгону айтылат.[4]

Ал эми «Манас» эпосунун да бардык варианттарында кырк чилтен жөнүндө айтылат. Сагымбай Орозбаков варианты боюнча Манас козу кайтарып жүргөн кезинде бир козусун карышкыр көтөрө качып асканын түбүндөгү үңкүргө кире качып, артынан барган Манас канаттуу аттарга минген кырк кишиге жолукканы айтылат. Алар өздөрүн кырк чилтенбиз деп тааныштырышат. Алар Манаска Алла жөнүндө алгачкы маалыматтарды беришет.[5]

---

[1] Нарынбаев А. Реакционная роль суфизма в Восточном Туркестане.// Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi. № 7 (2003). – 199-б.

[2] Манас эпосу. Сагымбай Орозбаковдун варианты. Басмага даярдаган: С. Мусаев. – Бишкек, 2010. – 45-б.

[3] Kadyrov, M. (2018). Kırgızların İslam’ı Kabulünde Yeseviliğin Rolü ve Kırgız Kültüründeki Yeri. *İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi*, (24), 35–44. https://doi.org/10.52754/16947673_2018_24_2

[4] Hoca Ahmet Yesevî. Divan-ı Hikmet. hzr: Hayati Bice – Ankara 2015. – 67-74-б.

[5] Манас эпосу. Сагымбай Орозбаковдун варианты. Басмага даярдаган: С. Мусаев. – Бишкек, 2010. – 49-52-б.

Ал эми Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манаска кыраңдан бир карышкыр көрүнөт. Манас кырк чоросу менен карышкырды кууп жөнөйт, эми жетип чабаарда кыядан кырк чилтен түшүп келет.[6] Жалпысынан эпостун бардык варианттарында Манас кыйынчыкка дуушар болгон кездерде кырк чилтен колдоо көрсөткөнү баяндалат.

Кырк чилтендердин түпкү теги тотемдик түшүнүктөр менен байланыштуу экенин да белгилеп кетүү абзел. Кыргыздарда тотемдик түшүнүктөр көбүнчө карышкыр, жолборс, илбирс сыяктуу жырткыч жаныбарлар болгон. Кыргыздар ислам динин кабыл ала баштагандан тартып суфизмдеги чилтен, кызыр, шайык (шейх), шаймерден ж.б. колдоочуларга алмашыла баштаган.[7]

Суфизмдеги маанилүү ишенимдердин бирөөсү бул – Кызыр болуп саналат. Кахф сүрөсүнүн 60-82-аяттарында баяндалган окуя ислам литературасында Кызыр менен байланыштырылат. Айрыкча IX кылымдан тартып суфийлердин арасында өзгөчө мааниге ээ болуп, суфизмдин окуусуна ылайык чечмелене баштаган. Тактап айтканда Кызыр муршид (жол көрсөтүүчү), ал эми Муса пайгамбар мурид катары көрсөтүлгөн. Суфизм адабиятында белгилүү суфилердин Кызыр менен жолугуп сүйлөшкөнү, Кызырдын аларга жол көрсөткөнү айтылат. Мисалы, белгилүү суфилерден Ибрахим бин Адхамдын чөлдө Кызырды көргөнү, анын эскертүүсү менен суфизмге баш койгону, ошондой эле Байазид Бистами, Ибрахим ал-Хаввас Фатх ал-Мавсили, Маруф-и Кархи ж.б. суфилердин Кызыр менен жолукканы тууралуу уламыштар бар.[8]

Ошондой эле хырканын (жамаачылуу тон) да суфизмде өзгөчө орду бар. Алгачкы учурларда суфилердин такыбаалыктын символу катары хырка кийишкени белгилүү. Суфизмдин белгилүү өкүлдөрүнөн Ибн Араби өзүнүн эмгектеринде Кызыр менен

[6] Манас. Баатырдык эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек, 2010. – 161-б.

[7] Манас. Энциклопедия. ред.: Карыпкулов А. 1-том. – Бишкек, 1995. – 378-б.

[8] Süleyman Uludağ. Hızır.// TDV İslam Ansiklopedisi. 17-том. – Стамбул, 1998. – 409-411-бб.

жолукканын жана анын колунан хырка кийгенин айткан.[9] Суфизмде Кызырдын колунан хырка кийүү – туура жолго түшүү (иршад), анын тарбиясын алуу деген маанилерди билдирет.

Орто Азия элдеринин ишениминде Кызыр түбөлүк жер кезүүчү, адашкан жолоочуларга, кедей-кембагалдарга жана кыйын кезеңге туш келген бардык пенделерге жардам көрсөтөт. Кызыр жолоочу дубана, майып киши, кээде тааныш кишинин кебетесинде кездешет. Кызырды, оң колун кармап, анын баш бармагынын сөөгү жок экенинен таанууга болот деп эсептешкен. Манас эпосунда Кызыр, Кызыр-Иляс деп да айтылат. Ал, Манаска жана башка каармандарга кыйын учурларда жардам көрсөтөт.[10]

Эпостон суфизмдеги хырка түшүнүгүнүн издерин да көрө алабыз. Саякбай Каралаевдин вариантында Кызырдын Манаска ок өтпөс тон бергени айтылат

Караханиддердин алгачкы мусулман ханы Сатук Бугра хандын ислам динин кабыл алуучунда таасирдүү болгон Абу Насыр Саманинин аты да Манас эпосунун бир канча жеринде эскерилет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Абу Насыр Самани, Мухаммед пайгамбардын сахабасы деп да айтылат.[11] Кээде Айкожо деген ат менен да эскерилген Абу Насыр Самани, каапырларды динге чакырган суфи катары сүрөттөлөт. Ышкия тарыйкатынын муриди Сейфеддин Аксыкенди (XVI кылым) менен баласы Нурмухаммед тарабынан жазылган *Мажмуату-т-таварих* аттуу агиографиялык эмгекте Айкожо, ышкия тарыйкатынын негиздөөчүсү Мир Жалалиддиндин атасы Мир Сайид Жафардын бир тууганы деп

---

[9] Süleyman Uludağ. Hızır.// TDV İslam Ansiklopedisi. 17-том. – Стамбул, 1998. – 410-б.

[10] Манас. Энциклопедия. ред.: Карыпкулов А. 1-том. – Бишкек, 1995. – 368-б.

[11] Манас эпосу. Сагымбай Орозбаковдун варианты. Басмага даярдаган: С. Мусаев. – Бишкек, 2010. – 196-197-бб.

көрсөтүлгөн.[12] Саякбай Каралаевдин вариантында Айкожо, андижандык дин адамы катары берилген.[13]

Орто Азияда эң таасирдүү болгон накшибандилик тарыйкатынын негиздөөчүсү Бахауддин Накшибанди Манас эпосунда көп жерде кездешет. Эпосто, душманга каршы аттанганда, душман менен жекеме-жеке чыкканда, курчоодо калганда Бахауддин Накшибандинин аты менен дуба кылышат. Айрыкча, буудай эгип мол түшүм алуусуна себепкер болгон дыйкандардын пири катары да эскерилет.[14]

Накшибандилик тарыйкаты кийинки учурларда да кыргыздардын арасында активдүү иш алып барганы белгилүү. Өз мезгилинде Бурханеддин кожо менен Аппак кожо Цин династиясына каршы күрөшүшкөн. Ал эми алардын урпагы Жааңгер кожо (Жихангир) кыргыздардын колдоосу менен 1822-28-жылдары Цин династиясынын карамагындагы Чыгыш Түркстанга жортуул уюштурган. Бул мотивдер өзгөрүү менен Манас эпосуна кирген. Мисалы, Саякбай Каралаевдин вариантында Аппак кожо багымдат намазын окутуп жатканда, чоросу Чубактын кытай ханы Нескара менен кырк жигитин туткунга алып келгенин көргөн Манас мындай дейт:

Аппак Кожо – Айкожо

Кереленип каласың

Кечке окуу саласың...[15]

Ал эми Жааңгер кожо боюнча кеңири айтылган. Сагымбай Орозбаковдун вариантында, кырк жыл Иса пайгамбардын кызматын кылган Жааңгер кожо, анын дубасын алгандан кийин Мухаммед пайгамбар менен жолугуп, анын да дубасын алат. 850 жыл жашаган

[12] Аксыкенди Сейфеддин. Тарыхтардын жыйнагы. котор.: М Досболов, О. Сооронов. – Бишкек, 1996. – 63-б.; Кеңири маалымат үчүн кар.:

[13] Манас. Баатырдык эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек, 2010. – 764; 768-б.

[14] Манас. Энциклопедия. ред.: Карыпкулов А. 1-том. – Бишкек, 1995. – 115-б.

[15] Манас. Баатырдык эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек, 2010. – 766-б.

Жааӊгер кожо, баласы Билерик менен дүйнөнү кыдырып жүргөндө Нескаранын колуна туткунга түшүп калып, Билерик зынданга салынат. Жети жыл баласын куткаруу үчүн Аллага дуба кылган Жааӊгер кожого Кызыр келип, Кошой ханга баруусун айтат. Кошой Жааӊгер кожонун суранычы менен Чыгыш Түркстанга барып Хотан, Кашгар, Яркенд сыяктуу шаарларды каратып, баласы Билерикти туткундан куткарат.[16]

Жыйынтыктап айта турган болсок, Орто Азия элдерине, айрыкча кыргыздар сыяктуу көчмөн көчмөн элдерге ислам динин таратууда суфизмдин өкүлдөрү активдүү иш алып барышкан. Суфизмдин кыргыздардын арасында кеңири таралуусунун себеби, кыргыздардын исламдан мурдагы диний ишенимдеринин кээ бир элементтери менен суфизмдин ортосунда кээ бир окшоштуктардан улам болсо керек. Кыргыздар мусулман боло электе «кам», «фагинун/фагитун» деп аталган керемет күчкө ээ дин кызматкерлери болгон. Гардизи (XI кылым) менен Марвази (XII кылым) берген маалыматтар боюнча, «кыргыздарда фагинун деп аталган киши бар, аны жыл сайын белгилүү бир күнү чакырышат. Анын жанында ар кандай музыкалык аспаптары менен ырчылары коштоп жүрөт жана алар ырдашканда фагинун өзүн жоготуп, ошол жылы боло турган окуяларды айтат...».[17] Бул жагынан алып карасак, «кам» же болбосо «фагинундар» менен суфи тарыйкаттардын шейхтеринде окшоштук көрүшкөн. Суфизм адабиятында шейхтердин көптөгөн кереметтерди көрсөтүшкөндүгү тууралуу маалыматтар көп кездешет. Албетте, суфизм бир гана дин түшүнүгүнө эмес, жергиликтүү элдин маданиятына, Манас эпосу баш болуп элдик оозеки адабиятына да таасирин тийгизген.

---

[16] Манас. Энциклопедия. ред.: Карыпкулов А. 1-том. – Бишкек, 1995. – 192-б.

[17] Шараф ал-Заман Тахир ал-Марвази. Глава о тюрках. // Труды сектора востоковедения. I том. пер. В. Храковский. – Алматы, 1959. – 213-214-б.; Бартольд В.В. Работы по источниковедению.// Сочинение. VIII том. – Москва, 1973. – 48-б.

**Колдонулган адабияттар**

Hoca Ahmet Yesevî. Divan-ı Hikmet. hzr: Hayati Bice – Ankara 2015.

Kadyrov Mederbek. Kirgizlarin İslam'ı Kabulünde Yeseviliğin Rolü ve Kırgız Kültüründeki Yeri.// Теология факультетинин илимий журналы. №24 (2018). 34-45-беттер. https://doi.org/10.52754/16947673_2018_24_2

Kadyrov Mederbek. Nakşibendiliğin Kırgızlar Arasındaki Faaliyetleri.// Теология факультетинин илимий журналы. №22 (2017). 85-99-беттер. https://doi.org/10.52754/16947673_2017_22_4

Süleyman Uludağ. Hızır.// TDV İslam Ansiklopedisi. 17-том. – Стамбул, 1998.

Аксыкенди Сейфеддин. Тарыхтардын жыйнагы. котор.: М Досболов, О. Сооронов. – Бишкек, 1996.

Бартольд В.В. Работы по источниковедению.// Сочинение. VIII том. – Москва, 1973.

Кадыров Медербек. Ышкия тарыйкатынын кыргыздардын арасында таралуусу.// Теология факультетинин илимий журналы. №26 (2019). 21-28-беттер. https://doi.org/10.52754/16947673_2019_26_2

Манас эпосу. Сагымбай Орозбаковдун варианты. Басмага даярдаган: С. Мусаев. – Бишкек, 2010.

Манас. Баатырдык эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек, 2010.

Манас. Энциклопедия. ред.: Карыпкулов А. 1-том. – Бишкек, 1995.

Нарынбаев А. Реакционная роль суфизма в Восточном Туркестане.// Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi. № 7 (2003).

Шараф ал-Заман Тахир ал-Марвази. Глава о тюрках.// Труды сектора востоковедения. I том. пер. В. Храковский. – Алматы, 1959.